**07.01.2021 ж.** **Бишкек ш.**

**Кыргыз Республикасынын**
**шайлоо жана референдум**
**өткөрүү боюнча**
**Борбордук комиссиясына**

**Арыз**

2021 жылдын 6 январында Ош шаарынын тургундары кат жүзүндө укуктарын жана коопсуздугун камсыз кылып берүүнү суранып кайрылышты. Алардын билдирүүсүнө ылайык, жергиликтүү кенештин депутаттыгына талапкер болгон Болот аттуу жана аны менен бирге бир топ жигиттер жарандардын үйлөрүнө келишип: "Ким башка талапкерлерге иштесе жэ үгүттөсө, С.Жапаровду шайлабаса, мен балдарыңарды жана өзүнөрдү алып чыгып катуу жазалайм, жана колу-буттарын сындырып күч колдоноорун айтышып эскертип жатканын белгилешкен". Кыргыз элине эмгеги сиңген – ардактуу "эмгек сиңирген мугалим" мугалим Атахановага И. жана башка бир топ жарандарга ушундай коркутууларды жасап жаткандары чектен чыгып, мыйзамды да – моралдык нормаларды да тепселеп адам укугунун негизги принциптерине доо келтилирип жатканын белгилейбиз. Аталган топ жигиттер: "биз бул №5279 шайлоо учсаткасынан 100% добушту С.Жапаровко кандай гана жол менен болбосун алып беришибиз керек деп" коркутушкан. Бүгүнкү күндө, бул жарандар өздөрүнүн жана үй – бүлөсүнүн коопсуздугу үчүн аябай тынчсызданып, көчөгө да чыга албай калгандарын белгилешти. Ар кандай телефондон коркутуулар байма-бай түшүп жатканын билдиришти. Арыз ээси Атаханова И. тиешелүү мамлекеттик органдардын жана коомчулуктун, мыйзамды сактаган талапкерлердин колдоосуна жана жардам берүүсүнө муктаждыгын, эң негисгиси өмүрүнүн коркунучта экенин баса белгилеп коргоого алыштарын суранып кат жүзүндө кайрылган.

Экинчи арыз ээлери, мындан башка аргалары жок экенинин белгилеп, арыз менен кайрылууга аргасыздарын айтып төмөнкүдөй маалыматты кат жүзүндө беришти: 2021 жылдын 3-4 январында 2 жаш спортсмен жигиттер байма-бай үйүнө келишип, каарып жашы өтүп калган апа экенине карабастан, көчөгө сүдүрөп чыгашып, "Сиз башка партияга, башка талапкерге иштеп жатыптырсыз" "Мен эч бир талапкерге иштеген жокмун, үйдө эле отурам" дегенине карабастан, эгерде С.Жапаровко иштебесеңиз сиздерди "......" уят сөздөр менен сөгүшүп, катуу коркутууга алышкан. Жана укук коргоо органдарына кайрылышса алар эч нерсе кыла алышпастыгын баса белгилеп – катуу кортууга өтүшкөн. Ошол себептерден, жергиликтүү органдар тиешелүү чара колдонуп аталган жигиттерди таап жоопкерчиликке тартуусуна шек санап, бизге кайрылуу жасап жаткандарын белгилейбиз. Арыз ээлери аталган жарандарды таап – жооп керчиликке тартууну, жана өмүрүнүн коопсуздугун камсыз кылып берүүсүн суранып кайрылышты.

ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 01-12/89
«07» 01 2021 ж/г

Үстүдө көрсөтүлгөн фактылар боюнча Кыргыз Республикасынын жазык кодексинин 191-беренесине "Жарандын өз шайлоо укуктарын же референдумга катышуу укугун эркин жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу, добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуу" жана "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамы 47-беренесине ылайык жазык же башка жоопкерчиликтери көрсөтүлгөн: тактап айтканда - күч колдонуу, алдоо, коркутуу, будамайлоо же башка ыкма менен Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо жана шайлануу укугун жүзөгө ашырышына тоскоолдук кылган, же болбосо добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузган; же жарандардын шайлоочулардын тизмеси менен таанышууга укугун бузган; же жарандарды талапкерди колдоп кол коюуга мажбурлаган же аларга тоскоолдук кылган мыйзам бузуу болуп эсептелет, ошонун негизинде,

башка Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдарына ылайык укук коргоо органдары менен байланышып аталган фактылар боюнча талдап, аталган жарандардын шайлоо укугун коргоп берүүңүздөрдү;

укук коргоо органдарына тиешелүү жолдономо жасап бул жагдайларды дыкат изилдөөгө;

баардык аймактык шайлоо комиссияларына үстүдө аталган жагдайларга каршы жер жерлерде түшүндүрүү иштерин жүргүзүүлөрүнө көрсөтмө беруунүздөрдү суранабыз.

Тиркемелер:

1. Жарандардын арыздары – 2 баракта;
2. Телефон сүйлөшүүлөрдүн көчүрмөсү – 1 дискте.

**Кыргыз Республикасынын**
**президенттигине талапкер**
**А.К. Мадумаровдун ыйгарым укуктуу өкүлү** _________ **Бакиров А.Ж.**

Кыргыз Республикасынын
Борбордук шайлоо комиссиясына Башкы Прокуратурасына Ош шаарында жашоочу „Эмгек сиңирген мугалим" Атаханова Идан

Арыз.

Менин арыз беруудөн максат, 2020 жылдын 28 декабрында №5279 шайлоо участкасында өзү кандидатурасын шаар кеңешине койгон Болот деген жигит агитаторларды топтоп, коркутуп: „Ким башка президенттикке кандидаттарга иштесе же С. Жапаровту шайлабаса, мен балдарыңарды алып чыгып үйлөрүн тоюн көргүзөм, сындырабыз, күч колдоп буз деп коркутту. Ошого байланыштуу жоопкерчиликке тартуунарды сурanamын. Ал бул участкадан 100% добуш алып бериши шарт экен. Өзү кандидатурасын Жогорку Кеңешке койот экен.

Ошондой эле менин өмүрүм коркунуч астында, коопсуздугумду камсыз кылып беруунуздорду сурanam.

Арыз ээси: [подпись] / Атаханова И. М.

Кыргыз Республикасынын
Борбордук Шайлоо комиссиясына
Кыргыз Республикасынын
Башкы Прокротурасына.

# Арыз

Менин арыз беруудон максат 2021 жылдын 10чу январында болотурган шайлоо эрежелерибузуула жатканындыктан арыз жазуууга туура келдим. 2021.04.01 шело куну менин уйумо. эки уч кун аралаб тузулушу спорттук 2 бала келишип мени картаң жашдагы аял экендигиме карабай мени башка партияга иштеп жатат экенсиз деб догурунуп жатышат. Иштебейм уйделе отурам десем эшике алып чыгышып, эгерде Садыр Жапаровко иштебесеңиз, балдарыңызды деп Озгото коркутулар менен коркутуп кетишти.

Омого байланыштуу аталган кишилерди таап аларды жоопкерчиликке тартуңарды суранам. Менин омурум коркунуч астында. Коопсуздугумду милиция кызматкерлери аркылуу камсыз кылып беруунуздорду суранам.

Эгер мен билип туруп жалган жетишме берсем Кыргыз Республикасынын мыйзамына лайык жоопкерчиликке тартулуум эскертилди.

Мен коркконум себеб аты жонум жазган жокмун.

Ош шаарынын тургуну 70 жаштагы аялмын